предоставляется возможность заниматься по программам дополнительного образования и взрослым, родителям школьников.

## Список использованной литературы:


1. Байбородова Л.В. Внеурочная деятельность школьников в разновозрастных группах. М: Просвещение, 2014. 177 с.
2. Байбородова Л.В., Золотарева А. В., Серебренников Л. Н. Дополнительное образование как система психолого-педагогического сопровождения развития ребенка: монография. Ярославль: Изд-во ЯГПУ им. К.Д. Ушинского, 2009. 220 с.
3. Байбородова Л.В., Лушникова Т.В. Повышение доступности реализации дополнительных общеобразовательных программ для детей, проживающих в сельской местности : Методические рекомендации. Ярославль: Изд-во ЯГПУ, 2018. 200 с.
4. Воспитание гражданской идентичности сельских школьников: опыт региональной инновационной площадки: учебно-методическое пособие / под ред. Л.В. Байбородовой, А.В. Репиной. Ярославль: Департамент образования Ярославской области, 2013. 268 с.
5. Д
6. Золотарева А.В. Дополнительное образование детей России в XXI веке: методическое пособие. Прага-Ярославль: EAICY-ЯГПУ, 2013. 140с.
7. Золотарева А.В., Куличкина М.А., Синицын И. С. Концепция обеспечения доступности дополнительных общеобразовательных программ // Ярославский педагогический вестник. 2018. № 6 (105). С. 61-75.
8. Методика непрерывного профессионального развития кадров сферы дополнительного образования детей: учебное пособие / А. В. Золотарева [и др.] ; под науч. ред. А. В. Золотаревой. 2-е изд., испр. и доп. М. : Издательство Юрайт, 2017. 315 с.
9. Мусина Д.С. Внутрисистемное формирование профессиональной компетентности педагога внешкольного дополнительного образования детей (на материале деятельности румцэв "Балажан") // Вестник кыргызско-российского славянского университета. Том 18. 2018. №5. С. 122-125.
10. Мусина Д.С. Педагогические условия гражданско-патриотического воспитания в организациях дополнительного образования Кыргызской Республики // Ярославский педагогический вестник. 2016. №3. С. 63-67.
11. Мусина Д.А. Развитие дополнительного образования сельских школьников Кыргызстана // Педагогика сельской школы. 2019. № 1. С.56-65.



УДК 37
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-73-77



**Байсалов Жоомарт Усубакунович, Байдуева Нурила Борончиевна**
И. Арабаев атындагы КМУ, пед.и.д., профессор,
И. Арабаев атындагы КМУ, ага окутуучу
**Байсалов Жоомарт Усубакунович, Байдуева Нурила Борончиевна**
КГУиим. И.Арабаева, д.пед.н., профессор,
КГУиим. И.Арабаева, старший преподователь
**Baisalov Djoomart Usubakunovich, Baidueva Nurila Boronchievna**
KSU I. Arabaeva, Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,

KSU I. Arabaeva, senior lecturer

# КЫРГЫЗСТАНДА АУТИЗМ КӨЙГӨЙЛӨРҮ
# ПРОБЛЕМЫ АУТИЗМА В КЫРГЫЗСТАНЕ
# AUTISM ISSUES IN KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Бул макалада Кыргызстанда аутизм менен жабыркаган балдардын көйгөйлөрү көрсөтүлгөн. Аларды окутуу, тарбиялоо жана ата-энелер менен иштешүү жолдору, социалдаштыруудагы кезигүүчү көйгөйлөр каралып чыкты. Кыргызстанда педагогикалык, медициналык жана башка көптөгөн адистиктерди ЖОЖдордо даярдалаары, бирок аутизм менен жабыркаган балдардын билим алуусу, коррекциялоо процесстери чечилбей келгендиги тууралуу айтылган.

**Аннотация:** В Кыргызстане имеются ВУЗы подготовливающие очень много специалистов: педагогические, медицинские и т.д. можно сказать, что мы охватываем все категории детей для обучения, т.е. в норме и с недостатками. Но имеется одна категория детей сталкивающая со множественными проблемами при обучении и при социализации- Ранний детский аутизм. В статье рассмотрены проблемы детей с аутизмом. Обучение, воспитание, коррекция и работа с родителями, проблемы сталкивающие при социализации таких детей.

**Annotation:** In Kyrgyzstan there are universities that train a lot of specialists: pedagogical, medical, etc. we can say that we cover all categories of children for education, i.e. normal and deficient. But there is one category of children that faces multiple problems in learning and in socialization - Early Childhood Autism. The article discusses the problems of children with autism. Education, upbringing, correction and work with parents are problems encountered during the socialization of such children.

**Негизги сөздөр:** аутизм, социалдаштыруу, медицина, психология, окутуу, тарбиялоо, акыл-эс, аномалия, нерв системасы ж.б.

**Ключевые слова:** аутизм, социализация, медицина, психология, обучение, воспитание, интеллект, нервная система и т.д.

**Keywords:** autism, socialization, medicine, psychology, training, education, intelligence, nervous system, etc.

Кыргызстанда педагогикалык, медициналык жана башка көптөгөн адистиктерди даярдаган ЖОЖдор бар, б.а., биздин бардык категориядагы балдарды окутууга мүмкүнчүлүгүбүз бар. Окутууда жана социализациялоодо көптөгөн кыйынчылыктарга туш болгон балдардын категориясы бар, ал – Балдардын эрте аныкталган аутизми.

Бүгүнкү күндө кыргыз медициналык жана педагогикалык ЖОЖдордо аутизмди изилдөө боюнча өзүнчө курстар жок. Бул болсо аутизми бар балдарды реабилитациялоо жана диагноз коюучу адистердин жоктугу менен аныкталат.

Балдардын эрте аныкталган аутизми (БЭА) – бул баланын психикалык жактан өнүгүүсүнүн артта калуусу, мында башкы көрсөткүч баланын курчап турган чөйрө менен байланышынын бузулуусу болот. Аутизмдин пайда болуу себеби ар түрдүү. Бул потология «шизофренндик спектр» деп аталып, өзгөчө органикалык жетишсиздик (хромосомдук, тукум куучулук, эненин курсагында жаткан кезде пайда болуусу да мүмкүн). Балдардын эрте аныкталган аутизми тукум куучулукка негизделүү менен психикалык түзүлүштүн өз алдынча аномалиясы катары пайда болуусу мүмкүн.

Кыргызстанда аутист балдар 24 миңге жакын.[10]. Бул тууралуу Бишкек шаарынын майып балдар ата-энелеринин Ассоциациясы билдиришкен. Башка өлкөлөрдө 10миң балага 5тен 15-20 га чейин эсептелет.

АКШда бул оору менен 300-400 миң бала ооруйт жана акыл-эсинин өөрчүүсү артта калган өнөкөт нервдик-психикалык патологиясы, балдардын церебралдык шал, талма оорусу менен ооругандар арасында 4-орунду ээлейт.

Бул ооруну алгачкы этабында аныктоо, узак мезгилге созулган комплекстүү медико-психологиялык дарылоо ата мекендик жана чет элдик тажрыйба көрсөткөндөй бул балдарды мектепте окутууга, таланттуу балдарды искусство жаатында билим алуусуна мүмкүнчүлүк түзөт.[2].

Аутист балдарды системалуу түрдө комплекстүү дарылоо атайын уюмдарда гана мүмкүн. Бул уюмдарда ар бир баланын өнүгүү динамикасына көз салууга шарт түзүлөт.

Аутист балдар менен комплексттүү иштерди жүргүзүү өзүнө психологиялык, педагогикалык иштерди камтыйт жана балдардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө, кебин өстүрүүгө, коммуникативдик көндүмдөрүн, майда моториканы калыптандырууга, балдардын ата-энелери менен иштешүүнү жолго салууга мүмкүнчүлүк берет.

Нерв системасынын өнүгүү деңгээлине жараша баланы окутуунун программасы иштелип чыгат, кайсы бир балага жалпы билим берүүчү орто мектепте математика сабагынан жеңилдик берилет, кайсы бир балага орус тилинен, ал эми интеллектиси бузулган балдарга алар үчүн атайын мектептерден билим алуу ылайыктуу болуп эсептелет.

Сабактардын жекече пландары бир жыл ичинде бир нече жолу каралат жана мында сөзсүз түрдө ата-энелер катышат, алардын көз карашы биринчи кезекте эске алынат.

Аутизм менен ооруган бала менен иштөөнүн ийгиликтүү болушу ата-энеден, аны дарылаган дарыгерден, педагог, психологдон көз каранды болот. Психологдун клиникалык маалыматтары, изилдөөлөрү оорукчан баланын сакайуусуна өбөлгө болот. Бул маалыматтарга таянуу менен педагог окутуунун методдорун, милдеттерин иштеп чыгат.

Батыш Европада, АКШда, Японияда аутизмди дарылоо менен көп убакыттан бери алышып келишет жана бул жаатта көптөгөн ийгиликтерге ээ болушту. Биздин өлкөдө психикалык өнүгүүсү артта калган балдарга жардам көргөзүү ишмердүүлүгү алгачкы гана этабында.

Азыркы убакта бардык медициналык классификацияларда балдардын аутизмин аныктоо өзүнчө рубрикаларда берилген. Түрдүү өлкөлөрдө ондогон илимий лабораториялар жана клиникалар аутизм оорусунун себептерин, механизмин, алдын алуу, дарылоо боюнча медикаментоздук каражаттарды жана дарылоонун психоло-педагогикалык методдорун иштеп чыгышууда. Ошондой эле мындай балдарды окутуу, тарбиялоо, социализациялоо боюнча көптөгөн коом, ассоциациялар ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп келишет.

«Мамлекеттик түзүлүштөргө, коомго биз тараптан ар бир аутист балага мамлекеттин камкордугу, алардын укугунун тебеленбөөсү зарыл болуп эсептелет. Бул максатка жетүүнүн бир эффективдүү жолу – ата-энелерди каржылык жактан колдоо болуп эсептелет. Түрдүү изилдөөлөр мындай дарттуу балдарды алгачкы этабында колдоо келечекте миллиондорду үнөмдөөгө шарт түзөөрүн белгилешет».

2014-жылы аутист балдардын ата-энелеринин «Колдо кол» коомдук бирикмеси ЮНИСЕФ фонду, №34 мектептин базасында мэриянын билим берүү башкармалыгы менен бирдикте пилоттук долбоорду ишке киргизишкен, бирок долбоор 3жылга гана эсептелген.[7].

Жаңы класстарга китептер, окуу эмеректери окуу процессин уюштуруу үчүн алынып келинген. Ар бир окуучу үчүн жүрүм-турумунун анализинин негизинде жекече план иштелип чыккан. Бул методикалар аутист баланын ар бир ийгиликтүү иш-аракетин колдоого багытталган.

Психологдор менен педагогдордун жалпы билим берүү мекемелерде жетишсиздиги мындай балдардын сакайууларына кедергисин тийгизбей койбойт.

«Бала курактагы психопотология» курсу менен «Атайын психология» курсуна балдар аутизми боюнча темалар камтылган, студенттерге бул проблемага аз гана саат берилген.

Аутист балдар менен иштешүүчү кадрларды даярдоодогу кыйынчылыктар атайы бул тармактагы адабияттардын жетишсиздиги менен да түшүндүрүлөт. Ж.Садыкова жазган анча чоң эмес эмгектин тиражы да аз, анда бул оору менен жабыркаган үй-бүлөлөргө кандай жардамдар талап кылынат ж.б. тууралуу айтылат. Бул жаааттагы адистердин демилгелери да бул тармакта ийгилик жаратууда алсыздык кылат.

Балдар менен түрдүү профилдеги адистер иш жүргүзүп келишет, алар: мугалим-дефектолог, мугалим-логопед, педагог-психолог, тарбиячылар. Бардык адистер кесиптик билимге ээ, башка адистерди үйрөтүү иш ордунда тажрыйбадан өткөрүү менен ишке ашырылат.

Бала менен бир эле эмес, бир нече адистердин иштөөсү маанилүү. Педагогдор ортосунда милдеттер менен функциялар бөлүштүрүлөт. Балага талап коюуда да келишимдиктерди иштеп чыгуу жолго коюлат.[6].

Бир типтүү мамиле кылуу аутизмдин татаалыраак түрү менен жабыркаган балдарга тийиштүү болот.

Ийгиликке жетүү үчүн педагогикалык курам төмөнкү сунуштарды эске алуулары керек:

✓ Үй-бүлөдө жана бала бакчада баланын режимин так, туура сактоо.

✓ Балага жылуу мамиле жасоо.

✓ Тактильдүү мамилени колдонуу. Балага жардам берүү ийгиликсиз болгон күндө дагы аракет кылууну уланта берүү.

✓ Баланын жөндөмдөрүн анын өнүгүүсү үчүн туура пайдалануу.

✓ Баланын коркунучунун себептерин аныктоо жана аларды жоюунун жолдорун табуу.

✓ Баланын жашоосуна жаңы нерселерди акырындык менен киргизүү.

✓ Агрессия убагында өзүн колго алуу.

Мамлекеттик программага аутист балдарга комплекстүү жардам берүүнү уюштуруу зарылдыгы келип чыкты жана педагогдорду, психологдорду сапаттуу даярдоо учурдун талабы болууда.

Ошентсе да Кыргызстандагы социалдык-экономикалык шарттар бул маселенин тез чечилүүсүнө өбөлгө болот. Ошондуктан, өлкөдө болгон тажрыйбаны жана чет өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбалардын аутист балдар менен иштөөдө колдонуу максатка жетүүнүн кадамы болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Выготский Л.С. Вопросы детской (возрастной) психологии // Он же. Собр. соч.: В 6 т. Т. 4. — М., 1983.

2. Парк К. Социальное развитие аутиста: глазами родителя // Московский психотерапевтический журнал. - 1994. - № 3.

3. Башина В. М. Ранний детский аутизм // Исцеление. — М., 1993.

4. Веденина М. Ю., Окунева О. Н. Использование поведенческой терапии аутичных детей для формирования навыков бытовой адаптации. Сообщение II // Дефектология. — 1997. — № 3.
5. Каган В.Е. Аутизм у детей. — Л., 1981.
6. Лебединская К. С. Медикаментозная терапия раннего детского аутизма // Дефектология. — 1994. — № 2.
7. Что нужно знать родителям ребенка с аутизмом http://autism.kg/воспитание-ребенка-с-аутизмом/
8. Ульянова Р.К. Дошкольное воспитание аномальных детей. Коррекция двигательных нарушений у детей дошкольного возраста с ранним детским аутизмом // Дефектология. - 1988. - № 4.
9. Детский аутизм: Кыргызстан сталкиваеится с нехваткой специалистов. 25.02.2015 https://kloop.kg/blog/2015/02/25/detskij-autizm-kyrgyzstan-stalkivaetsya-s-nehvatkoj-spetsialistov/
10. В Кыргызстане число детей с аутизмом может составить около 24 тысяч. http://old.kabar.kg/health/full/30492?all#
11. Ж.Садыкова: В Кыргызстане не хотят замечть аутистов. 12.12.13 https://www.vb.kg/doc/254974_jyldyz_sadykova:_v_kyrgyzstane_ne_hotiat_zamechat_aytistov.html

УДК 37
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-77-81

**Гильмеева Р.Х, Любягина О.А.**
Педагогика, психология жана социалдык көйгөйлөр институту,
Казань илимий изилдөө технологиялык университети
**Гильмеева Р.Х. Любягина О.А.**
Институт педагогики, психологии и социальных проблем,
Казанский научный исследовательский технологический университет
**Gilmeeva R.Kh, Lyubyagina O.A.**
Institute of pedagogy, psychology and social problems,
Kazan National Research Technological University

# СОЦИАЛДЫК МАДАНИЙ ЧӨЙРӨ – АДАМДЫН КЕСИПТИК ӨЗҮН-ӨЗҮ АНЫКТОО ФАКТОРУ КАТАРЫ
# СОЦИОКУЛЬТУРНАЯ СРЕДА КАК ФАКТОР ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО САМООПРЕДЕЛЕНИЯ ЛИЧНОСТИ
# SOCIO-CULTURAL ENVIRONMENT AS A FACTOR OF PROFESSIONAL SELF-DETERMINATION OF THE INDIVIDUAL

**Аннотация:** Макалада билим берүү мекемелеринин тармактык өз ара аракетенүү, санариптештирүү шарттарында, окуучунун инсандык-кесиптик калыптанышына жана кесиптик өзүн-өзү аныктоосунун өнүгүүсүнө салым кошуучу социалдык-маданий чөйрөсүнүн түзүлүшү ачылат. Билим берүү мекемесинин социалдык-маданий чөйрөсүнүн компоненттик-элементтик курамы негизделет. Инсандын кесиптик аныктоосуна билим берүү уюмунун социалдык-маданий чөйрөсүнүн тийгизген таасири изилденет.